«Каралды»
ОГПИнин Окумуштуулар
кеңеши
Протокол №_3_____
«_21_»_____01_____2019- ж .

«Бекитемин»
ОГПИнин ректору,
п.и.к., профессор Б.Б. Зулуев
_____
«_21_»_____01_____2019-ж.

Апелляция боюнча жобо (долбоор)

1.1. Апелляция (АК) студенттин рейтингинин суммасына таасир берип, ошону менен кайсыл бир сабак боюнча жыйынтык баасын көтөргөн учурларда гана уруксат берилет.

1.2. Апелляция студент тарабынан төмөнкү учурларда демилгеленет:

-тесттик тапшырмалар туура эмес түзүлгөн учурларда;

- тесттик тапшырмалардын жооптору туура эмес коюлган учурларда;

- тесттик тапшырмаларда бир нече туура жооптор берилип, ал эми көрсөтмөдө бир гана жоопту тандоо керек болгон учурларда;

- тесттик тапшырмалар же оозеки, жазуу түрүндөгү сынактык билеттер окуу программасынан тышкаркы суроолордон түзүлсө.

1.3. Апелляциянын жүрүшү:

- студент апелляциялык комиссиянын төрагасынын наамына (институттун ректоруна) сабактын аталышын, суроонун номерин көрсөтүп, кайрадан кароосу тууралуу арыз менен кайрылат;

- курам 1.1. жана 1.2 п. негизинде туура же туура эместигин аныктагандан кийин чечим кабыл алат.

- курамдык түзүм апелляциялык комиссиянын курамы тууралуу буйрук же буйрутма чыгарат. Ага апелляциялык комиссиянын төрагасы (окуу иштери боюнча директордун же декандын орун басары), кафедра башчысы, кафедранын окутуучулары кирет.

- апелляциянын жыйынтыктары «Апелляция катталган сынактык ведомостуна» киргизилет;

- апелляциянын жүрүшүндө студенттин сынакка чейинки рейтингине өзгөртүү киргизүүгө уруксат берилбейт;

- апелляциянын жыйынтыктары студенттин сынак китепчесине киргизилет.